# Сагындым апа

Сөзү: Орозакунов.Дайыр.

Обону: Туратбек. Дуйшеев.

Атк: Туратбек Дуйшеев.

Апаке жетим кылдың кулунуңду.

Айрылдым түбөлүккө жумулдуңбу.

Анкыган жытың издейм шыбак жыттап.

Армандуу боздоттуң го булбулуңду.

Мееримин төгүп мага сүтүн берген.

Менден да алыс кеттиң алтын энем.

Карайлап карегимден арман кулап.

Сагынып күмбөзүңө күндө келем.

Көргөнүм караңгы түн кара талаа.

Жазыптыр жетимдикти тагдыр мага.

Жан биргем жароокерим тайаанарым.

Сагындым мээримиңди менин апам.

Апаке кусалыкка батып барам.

Арылбай жүрөктөгү арман санаам.

Эненин мээримине тойбой калган.

Дүйнөдө болбосо экен мендей адам.